**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ХИМИЯ ЖАНА ФИТОТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ *Д 02.17.561***

**Кол жазма укугунда**

**УДК 547.466.11;23;26;**
**547. 466.2;547.425.5.**
**(475.2) (043.03)**

**ДЖУСУПОВА КУЛМАЙРАМ АЛТЫМЫШБАЕВНА**

# МОНОКАРБОН, КҮКҮРТ КАРМАГАН АМИНОКИСЛОТАЛАРДЫН ЭФИРЛЕРИНИН СИНТЕЗИ ЖАНА КАСИЕТТЕРИ

**02. 00. 03 – органикалык химия**

химия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип
алуу учун жазылган диссертациянын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек 2018**

Диссертациялык иш Талас мамлекеттик университетинде химия кафедрасында аткарылды

**Илимий кеңешчи:** КР нын УИА сынын химия илимдеринин мүчө - корреспонденти, химия илимдеринин доктору, профессор **Бакасова З.Б.,**

химия илимдеринин доктору, профессор **Джуманазарова А.З.**

**Расмий опоненттер:** КР нын УИА сынын мүчө - коррепонденти, химия илимдеринин доктору, профессор **Пищугин Федор Васильевич**

химия илимдеринин доктору, профессор **Кудайбергенов Саркыт Елекенович**

химия илимдеринин доктору, ассоцирленген профессор **Байкенова Гульжан Гаусильевна**

**Жетектөөчү мекеме:** **А. Бектуров атындагы АО химиялык илимдер институту (Алматы ш.)**

Диссертациялык иш «16» мартта 2018 ж саат $10^{00}$ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институту, Ош мамлекеттик университети Д.02.17.561 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чуй, пр.267.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан (Бишкек ш., Чуй ,пр. 265-а) жана диссертациялык сайтта ds0217561.umi.ru таанышууга болот.

Диссертациялык кеңештин
илимий катчысы х.и.к. Камбарова Г.Б.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МАЗМУНУ

**Актуалдуулугу:** Аминокислоталар белоктордун курамына кирип, биохимиялык процесстерде маниллүү ролду аткарат. Андан тышкары, аминокислоталар азыркы фармакологияда кеңири таралган, айрым аминокислоталар өз алдынча дарылык препараттар катары колдонулуп келет.

Бирок, көп сандагы амиинокислоталардын туундулары, баштапкы аминокислоталарга салыштырганда, айырмаланган жаңы касиеттерге ээ болушу мүмкүн. Анткени, функционалдуу бай аминокислоталар көбүрөөк спецификалык биологиялык касиеттерге ээ болот.

Ошентип, аминокислоталардын көп учурда спецификалык аракеттенишүүсүнүн жогорулашын аминокислоталарга фармакофордук группаларды кошуу менен түшүндүрсө болот, ал эми аминокислоталардын транспорттук функциясын пайдалануу - кошулманын спецификалык таасиринин күчөшүнө жана заттын уулулугун төмөндөтүүгө алып келет.

Ошого карабастан, аминокислоталардын көптөгөн туундулары жетиштүү изилденилбей келе жатат. Аминокислоталардын татаал эфирлери да ошол жетиштүү изилденилбеген аминокислоталардын туундуларына кирет. Азыркы учурда аларды синтездөө жана аларды колдонуу жөнүндө бир аз гана эмгектер бар.

Айтсак, глутамин кислотасынын диэфирлерин З.Б.Бакасова изилдеген. Глутамин кислотасына салыштырганда анын диэфирлери борбордук нерв системасынын электрикалык сигналына тормоздук таасир беришкендиги аныкталган. Андан тышкары, глутамин кислотанын диэфирлери аз уулу заттарга таандык экени да далилденген.

Мындан тышкары аминокислоталардын төмөнкү (кичи молекулалуу) эфирлерин синтездөө жөнүндө да бир аз эле маалымат бар.

Монокарбон жана күкүрт кармаган аминокислоталарды объект катары тандап, алардын негизинде спирттердин кеңири катарын ($C_3$-$C_9$) колдонуп спецификалык касиеттерге ээ болуучу аминокислоталык препараттардын санын көбөйтүү үчүн жаңы эфирлерди синтездөө перспективдүү максат болуп эсептелинет. Андан тышкары аминокислоталардын эфирлерин синтездегендеги түрдүү ыкмалары жетиштүү деңгелде изилденбей, системасы жок түрдө каралган.

Ошондуктан L-аминокислоталардын эфирлеринин синтездөөдөгү эффективдүү ыкмаларын кайрадан иштеп чыгуу, аталган аминокислоталардын жаңы эфирлерин алуу, алардын физико-химиялык касиеттерин жана алардын биологиялык активдүүгүн практикада колдонула турган тармактарын аныктоо актуалдуу милдет болуп эсептелет.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштеринин планы менен байланышы.** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн планы Талас мамлекеттикуниверситетинин химия кафедасынын окуу программасынын планына: «Аминокислоталардын жана белоктордун химиясы» предмети жана Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий изилдө проектисине: «Аминокислоталарынын эфирлеринин синтези жана алардын биологиялык активдүүлүгү. Изилдөөнүн механизми аларды функциялаштыруу» киргизилген - мамлекеттик катоо номери 001646.

Изилдөөнүнмаксаты:

Биологиялык жактан активдүү, уулуулугу аз аминокислоталарынын эфирлеринин жана анын туздарын синтездеп алуунун жаңы оптималдуу, кенен спектрлүү жолдорун иштеп чыгуу менен , алардын колдонуу обласын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- Монокарбон жана күкүрт кармаган аминокислоталардын татаал эфирлерин ар түрдүү катализатордун катышуусунда синтездөө;
- Түзүлүшүн жана физикалык, химиялык касиеттерин изилдөө;
- Синтезделген жаңы кошулмалардын биологиялык активдүүлүгүнө изилдөө жүргүзүүнүн максаты алардын практикада колдонулушунун обласын бекитүү;
- Аминокислоталардын түзүлүшү менен синтезделген эфирлердин физико-химиялык касиеттерин жана биологиялык активдүүлүктөрүнүн ортосундагы байланыштарын моделдештирүүдө, препараттардын практикада колдонулуштары боюнча алдын ала маалымат берүү жана алардын медицинада жана ветеринарияда, айыл чарбасында колдонуш мүмкүнчүлүгүн аныктоо.

**Илимий жанылыктары.** Биринчи жолу 41 монокарбон жана күкүрт кармаган аминокислоталардын жаны эфирлери жана туздары синтезделди. Алардын физико-химиялык жана биологиялык касиеттери изилденди.

Аминокислоталардын эфирлеринин алуунун оптималдуу жолдору иштелип чыкты (катализатор, температура, катышы, эриткичтери, убактысы). Биринчи жолу синтезделген аминокислоталардын эфирлеринин антимикробдук жана нейрофизиологиялык активдүүлүк касиеттери аныкталды. Алынган кошулмалардын уулуулугун аныктоодо уулуугу жок кошулмаларга кирери белгилүү болду.

Изилденүүчү аминокислоталардын эфирлеринин антибактериалдык активдүүлүгүнүн эксперменттик маалыматтары (PASS программасы) эсептөөлөрү менен бекемделди. Синтезделген препараттардын биологиялык активдүүлүгүнүн жаны түрү, алардын практикада колдонулуштарынын мүмкүнчүлүгү боюнча маалымат бере алат.

Аминокислоталардын эфирлеринин химиялык түзүлүшү жана биологиялык активтүүлүгүнүн ортосундагы байланыш бекемделди.

**Практикалык мааниси.** Алынган жаны кошулмалар монокарбон жана күкүрт кармаган аминокислоталардын эфирлери жана анын туздары медицинада жана ветеринарияда колдонулушу мүмкүн.

Биологиялык активдүүлүгүн изилдөөдө глутамин кислотасы борбордук нерв системасынын нейрондорун дүүлүктүрүүчү, ал эми диизогептилглутамат – борбордук нерв системасынын нейрондорунун дүүлүгүүсүн токтототуучу касиетти көрсөттү. Изопропил -, амилаланат, бутил-, амил-, октилцистеинаттар жана алкил($C_3$-$C_6$) – метионинаттар бактерициддик активдүүлктү көрсөтүп жаныбарларынын ичеги-карындарындагы ооруу жугузуучу микробдорго каршы ооруларды дарылоодо колдонулушу мүмкүн.

**Диссертацияны коргоого алып чыгуудагы негизги жоболору:**

Этерификация жана переэтерификация реакциянын негизинде аминокислоталар менен бир атомдуу спирттердин жана алардын изомерлеринин ар түрдүү катализатордун катышуусунда жүрүшү.

Татаал эфирлердин жана туздарынын пайда болушунун, аларды алуунун оптималдуу лабораториялык жолдорунун шарттары.

Алынган жаңы аминокислоталардын эфирлеринин физико-химиялык касиеттерин изилдөөнүн азыркы физико-химиялык методдорун колдонуу менен идентификацияланышы (ИК- спектроскопиялык, рентгенофазалык анализ, поляриметрдик, пикнометрдик, хроматографиялык, элементтик анализ).

Аминокислоталардын эфирлерин жана анын туздарын синтездөөдө продуктанын чыгышын жогорулатуу жана реакция мөөнөтүн кысркартуунун оптималдык жолу.

Синтезделген аминокислоталардын эфирлеринин жана алардын туздарынын биологиялык изилдөөсүнүн жыйынтыгы.

Аминокислоталардын эфирлеринин антибактериялык активдүүлүгүн жана уулуулугун PASS программасы менен эсептөө жана эксперимент менен салыштыруу. Биология активдүүлүктүн жаңы түрү – гематотоксикалык жана нейротоксикалык активдүүлүгүнө алдын ала маалымат берилди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертацияда келтирилген теоретикалык негиздер, экспрементти жүргүзүү, алынган заттардын физико-химиялык касиеттерин изилдөөлөр, спектрлерди интерпретациялоо, алынган эксперименттердин жыйынтыктарын талкулоо авторго таандык. Биологиялык активдүүлүктүү изилдөө жана теоретикалык эсептөөлөр тиешелүү авторлор менен аткарылды.

**Иштин апробациясы.** Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөндөгү конференцияларда баяндама жасалды: Талас мамлекеттик университетинде Талас жана Талас областынын 60 жылдыгына арналган (Талас 2005); Талас

университинин уюшулганынын 5- жылдыгына карата (Талас 2006); Талас мамлекеттик университетиндеги өтүлгөн конференцияларда (2008, 2010, 2017) жана Билим берүү жана илим министрлигинин долборлорунда: «L-аланиндин эфирлеринин синтези жана алардын касиеттерин изилдөө» (2004 – 2008жж) жана «L-метиониндин эфирлеринин синтези жана алардын касиеттерин изилдөө» (2008 – 2011жж); Эл аралык конференцияда «Жаңы химиялык технология: өндүрүш жана колдонуу» (Пенза 2011); Эл аралык 2 - чи илимий практикалык конференцияда «Тамак- аш продуктыларын туруктуу өндүрүүдөгү проблемалар»(Худжанд.2013); V эл аралык илимий семинарда: «Адамдын ден-соолугуна айлана чөйрөнүн жана өндүрүш үчүн технологиянын жаңы материалдары» (НМТ-2013)», (Иссык-Көл, 2013), LVIII Эл аралык сырттан өтүлгөн илимий практикалык конференцияларда «Илимдеги инновация» (Новосибрск, 2016), XI Эл аралык сырттан өтүлгөн илимий практикалык конференцияда: «Азыркы илимдин өнүгүшүндөгү териялык жана практикалык проблемалар» (Махачкала, 2016). Эл аралык илимий практикалык конференцияда Аманжоловдук окуу - 2016 «Азыркы казахстан илиминин проблемалары жана келечеги» (Усть-Каменогорск, 2016).

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий басмадан чагылдырылышы.** Диссертациянын темасынын негизинде 41 макала, алардын ичинен 1 монография, КР 3 патенти, 1 КР патентинин жактырылган чечими, 8 макала (Россияда) жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация 202 басылып чыккан барактан, ал киришүү - адабияттык илимий маалыматтардан, эксперменттик бөлүктөн, аминокислоталардын эфирлеринин структурасы менен физико-химиялык жана биологиялык касиеттеринен алынган маалыматтардан жана алардын өз ара байланыштарынын жыйынтыктарын талкулоо, жыйынтыгынан, адабияттардын 235 тизмесинен, 41 таблицадан, 18 сүрөттөн жана 4 кошулмалардан турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Бап 1.** Аминокислоталар жана аминокислоталардын эфирлерин синтездөөнүн методикасынын методикасынынын кыскача анализдери берилген. Андан башка монокарбон, күкүрт кармаган аминокислоталардын жана алардын эфирлеринин, туздарынын физико-химиялык касиеттери жана аминокислоталардын эфирлеринин жана алардын туздарынын медицинада, ветеринарияда, айыл чарбасында жана башка тармактарда колдонулуштары берилген.

**Бап 2.** Колдонулган аминокислоталардын жана спирттердин составы, касиеттери, аминокислоталардын эфирлеринин жана анын туздарынын синтези, алардын түзүлүшүн азыркы физико-химиялык, методдор менен бекемделген маалыматтар берилген.

**Бап 3.** Аминокислоталардын эфирлерин ар кандай катализаторлордун катышуусунда синтездөөнүн жана алардын ичинен эн ыңгайлуу лабораториялык жол менен тандап алууну талкуулоонун жыйынтыгы берилген. Синтезделген эфирлердин түзүлүшү жана касиеттерин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын азыркы методдор менен бекемделген маалыматтар келтирилген.

**Бап 4.** Аминокислоталардын эфирлеринин структурасы жана алардын физика-химиялык, биологиялык касиеттеринин ортосундагы байланыштарын изилдөө максатында алардын медицинада, ветеинаринарияда колдонулуштарын алдын ала айтуусуна багытталган.

## Эксперименттик бөлүк

Аминокислоталардын эфирлерин ар кандай катализатордун катышуусунда синтездөө жүргүзүлдү. Синтезделген жаңы препараттардыкургатып жана элементтик анализ менensоставы аныкталды. Алардын салыштырмалуу массасы, эрүү температурасы, айлануу бурчу, сынуу көрсөткүчү, сууда жана органикалык эриткичтерде эригичтиги аныкталды.

Сүрөт 1 синтезделген аминокислоталардын эфирлеринин бир атомдуу спирттердин жана алардын изомерлеринин ($C_3$-$C_9$) негизинде ар түрдүү катализаторлордун катышуусунда алынган кошулмалардын номерлериин тизмеси кийинки бөлүктө да сакталат.



Лейцинаты:

**1** - R = $C_3H_7$; **2** - iso-$C_3H_7$; **3** - $C_4H_9$;
**4** - iso-$C_4H_9$; **5** - $C_5H_{11}$; **6** - iso-$C_5H_{11}$;
**7** - $C_6H_{13}$; **8** - $C_7H_{15}$; **9** - $C_8H_{17}$; 10 - $C_9H_{19}$



Аланинаты:

**11** - R = $C_3H_7$; **12** - iso-$C_3H_7$; **13** - $C_4H_9$;
**14** - iso-$C_4H_9$; **15** - $C_5H_{11}$; **16** - iso-$C_5H_{11}$;
**17** - $C_6H_{13}$; **18** - $C_7H_{15}$; **19** - $C_8H_{17}$; **20** - $C_9H_{19}$



Глутаминат:

**21** - iso-$C_7H_{15}$,



Цистеинаты:

**22** - R = $C_3H_7$; **23** - iso-$C_3H_7$; **24** - $C_4H_9$;
**25** - iso-$C_4H_9$; **26** - $C_5H_{11}$; **27** - iso-$C_5H_{11}$;
**28** - $C_6H_{13}$; **29** - $C_7H_{15}$; **30** - $C_8H_{17}$; 31 - $C_9H_{19}$



Метионинаты:

**32** - R = $C_3H_7$; **33** - iso-$C_3H_7$; **34** - $C_4H_9$;
**35** - iso-$C_4H_9$; **36** - $C_5H_{11}$; **37** - iso-$C_5H_{11}$;
**38** - $C_6H_{13}$; **39** - $C_7H_{15}$; **40** - $C_8H_{17}$; **41** - $C_9H_{19}$

Сүрөт 1. Аминокислоталардын синтезделген эфирлери.

**Аминокислоталардын эфирлерин хлордуу жана бромдуу суутектин катышуусунда синтездөө**

Бизге белгилуу классикалык метод менен аминокислоталардын эфирлеринин алууда аминокислоталар менен спирттерди газ абалындагы

хлордуу суутектин катышуусунда этерификация реакциясынын негизинде жүргүзүлдү.

Аминокислоталар менен спирттердин хлордуу жана бромдуу суутектин катышуусунун этерификация реакциясынын механизмин төмөнкүдөй көрсөтсө болот:




R = $CH_3$, $(CH_3)_2CH$; $HOOC(CH_2)_2$; $HSCH_2$; $CH_3S(CH_2)_2$

$R^1 = C_3H_7 \cdot C_9H_{19}$ X = Cl, Br

**Схема 1**

Схема 1 – Аминокислоталардын эфирлерин хлордуу жана бромдуу суутектин катышуусунда синтездөө.

Монокарбон, кукурт кармаган аминокислоталар менен бир атомдуу спирттердин ($C_3H_7 – C_9H_{19}$) жана алардын изомерлеринин хлордуу суутектин катышуусунда синтез жүргүзүлүп жаңы кошулмалар алынды (схема 1, табл. 1, 2). Табл.1 де L- лейцин жана L- аланининдин хлордуу суутектин катышуусунда спирттер менен этерификациянын продукталарынын чыгышы жана реакция убактысы келтирилген.

Таблица 1 – L- лейцин жана L- аланиндин  хлордуу суутектин катышуусундагы эфирлеринин чыгуусу жана реакциянын жүрүү убактысы



| № | R | $R^1$ | Убакты-сы, саат | Чыгышы, % | Брутто-формула |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_3H_7$ | 2,50 | 84 | $C_8H_{17}NO_2$ |
| 3 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_4H_9$ | 3,00 | 83 | $C_9H_{19}NO_2$ |
| 5 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_5H_{11}$ | 3,20 | 80 | $C_{10}H_{21}NO_2$ |
| 7 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_6H_{13}$ | 3,40 | 78 | $C_{11}H_{23}NO_2$ |
| 8 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_7H_{15}$ | 4,00 | 77 | $C_{12}H_{25}NO_2$ |
| 9 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_8H_{17}$ | 4,30 | 76 | $C_{13}H_{27}NO_2$ |
| 11 | $CH_3$ | $C_3H_7$ | 2,0 | 86 | $C_6H_{14}NO_2$ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | $CH_3$ | $C_4H_9$ | 2,30 | 84 | $C_7H_{16}NO_2$ |
| 15 | $CH_3$ | $C_5H_{11}$ | 2,50 | 82 | $C_7H_{16}NO_2$ |
| 17 | $CH_3$ | $C_6H_{13}$ | 3,30 | 81 | $C_9H_{20}NO_2$ |
| 18 | $CH_3$ | $C_7H_{15}$ | 3,10 | 79 | $C_{10}H_{22}NO_2$ |
| 19 | $CH_3$ | $C_8H_{17}$ | 4,10 | 78 | $C_{11}H_{24}NO_2$ |
| 20 | $CH_3$ | $C_9H_{19}$ | 4,20 | 77 | $C_{12}H_{26}NO_2$ |

Мисалы аланиндин пропил эфиринин синтезин жүргүзүү үчүн кислота менен спирт 1:3 катышта болуп 2 саатка созулуп, продуктынын чыгышы - 86 %, амил эфириники – 2,5 саатка, чыгышы – 82% , ал эми нонилдики- 4,2 саатка созулуп чыгышы 77% болду. Жогорудагы жол менен лейцин, цистеин, метиониндин эфирлери алынды (табл1).

Жогорудагы синтездөө методтунун жыйынтыгы менен L-цистеин жана L-метиониндин жаны кошулмалары алынды (табл.2.).

$$RS\text{-}(CH_2)n\text{-}\underset{\displaystyle NH_2}{\underset{|}{CH}}\text{——}COOR^1$$

Таблица.2 – L- цистеин жана L-метиониндин хлордуу суутектин катышуусундагы эфирлеринин чыгуусу жана реакциянын жүрүү убактысы

| № | $R^1$ | R | n | Убак-тысы, саат | Чыгышы, % | Брутто - формула |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 22 | $CH_3$ | $C_3H_7$ | 2 | 2,50 | 80 | $C_8H_{17}NO_2S$ |
| 24 | $CH_3$ | $C_4H_9$ | 2 | 3,10 | 78 | $C_9H_{19}NO_2S$ |
| 26 | $CH_3$ | $C_5H_{11}$ | 2 | 3,00 | 78 | $C_{10}H_{21}NO_2S$ |
| 28 | $CH_3$ | $C_6H_{13}$ | 2 | 3,30 | 76 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 29 | $CH_3$ | $C_7H_{15}$ | 2 | 3,50 | 75 | $C_{12}H_{25}NO_2S$ |
| 30 | $CH_3$ | $C_8H_{17}$ | 2 | 4,60 | 74 | $C_{13}H_{27}NO_2S$ |
| 31 | $CH_3$ | $C_9H_{19}$ | 2 | 4,75 | 73 | $C_{14}H_{29}NO_2S$ |
| 32 | H | $C_3H_7$ | 1 | 2,30 | 82 | $C_6H_{13}NO_2S$ |
| 34 | H | $C_4H_9$ | 1 | 2,50 | 81 | $C_7H_{15}NO_2S$ |
| 36 | H | $C_5H_{11}$ | 1 | 3,10 | 77 | $C_8H_{17}NO_2S$ |
| 38 | H | $C_6H_{13}$ | 1 | 3,20 | 76 | $C_9H_{19}NO_2S$ |
| 39 | H | $C_7H_{15}$ | 1 | 3,40 | 75 | $C_{10}H_{21}NO_2S$ |
| 40 | H | $C_8H_{17}$ | 1 | 4,00 | 74 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 41 | H | $C_9H_{19}$ | 1 | 4,50 | 75 | $C_{12}H_{25}NO_2S$ |

Аминокислоталардын эфирлеринин синтездөөдө продуктынын чыгышын жогорулатуу максатында ыңгайлуу жол менен биринчи жолу бромдуу суутек катализатор катарында колдонулду. Мында гидробромидди

байланыштырууда күчтүү негиздин ордуна бикарбонат натрий колдонулду (схема 1, табл.3 ,4).

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, эфирлердин жогорку чыгуусу аланин менен абсолюттук амил спиртинин 1:3 катышта алынганда андан ары бикарбонат натрийди кошкондо чыгуусу 88-89 %. Процессти жүргүзүүнүн оптималдуу температурасы- 130-139 $^{0}$C, синтездөө убактысы – 1,30 саат, чөйрөсү- рН 8 болду.



Таблица 3 - L- лейциндин жана L-аланиндин бромдуу суутектин катышуусунда эфирлеринин чыгуусу жана реакциянын жүрүү убактысы

| № | R | $R^1$ | Убакты-сы, саат | Чыгышы, % | Брутто-формула |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_5H_{11}$ | 2,20 | 88 | $C_{10}H_{21}NO_2$ |
| 7 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_6H_{13}$ | 2,30 | 87 | $C_{11}H_{23}NO_2$ |
| 9 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_8H_{17}$ | 2,50 | 83 | $C_{13}H_{27}NO_2$ |
| 10 | $(CH_3)_2CHCH_2$ | $C_9H_{19}$ | 3,0 | 80 | $C_{14}H_{29}NO_2$ |
| 15 | $CH_3$ | $C_5H_{11}$ | 1,30 | 88 | $C_8H_{18}NO_2$ |
| 19 | $CH_3$ | $C_8H_{17}$ | 2,30 | 85 | $C_{11}H_{24}NO_2$ |
| 20 | $CH_3$ | $C_9H_{19}$ | 2,55 | 82 | $C_{12}H_{26}NO_2$ |

Эфирлердин чыгуусунун жогорулашы газ абалындагы бромдуу суутекти колдонгондо, биздин көз караш боюнча HBr спирт чөйрөсүндө эрүүсү HCI салыштырганда жогору болгондугу менен түшүндүрүлөт. Ушундай эле окшош жыйынтыкты башка аминокислоталардын эфирлерин алууда да көрсөттү ( табл.4)



Таблица 4 - L- метионин жана L-цистеиндин бромдуу суутектин катышуусунда эфирлеринин чыгуусу жана реакциянын жүрүү убактысы

| № | R | $R^1$ | n | Убакты-сы, саат | Чыгышы, % | Брутто-формула |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 26 | $C_5H_{11}$ | $CH_3$ | 2 | 2,4 | 87 | $C_{10}H_{21}NO_2S$ |
| 28 | $C_6H_{13}$ | $CH_3$ | 2 | 2,3 | 86 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 29 | $C_7H_{15}$ | $CH_3$ | 2 | 3,1 | 83 | $C_{12}H_{23}NO_2$ S |
| 30 | $C_8H_{17}$ | $CH_3$ | 2 | 3,5 | 81 | $C_{13}H_{27}NO_2S$ |
| 31 | $C_9H_{19}$ | $CH_3$ | 2 | 3,5 | 78 | $C_{14}H_{29}NO_2S$ |
| 36 | $C_5H_{11}$ | H | 1 | 2,2 | 88 | $C_8H_{77}NO_2S$ |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 38 | $C_6H_{13}$ | H | 1 | 2,4 | 87 | $C_9H_{19}NO_2S$ |
| 39 | $C_7H_{15}$ | H | 1 | 3,0 | 3,0 | $C_{10}H_{21}NO_2S$ |
| 40 | $C_8H_{17}$ | H | 1 | 3,3 | 84 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 41 | $C_9H_{19}$ | H | 1 | 3,0 | 80 | $C_{12}H_{25}NO_2S$ |

Эксперименттик көрсөткүч газ абалындагы галогенсуутектердин активдүүлүгү алардын концентрацияланган эритмелерине караганда жогору болот. Себеби, этерификация реакциясын негизинде кислотанын эритмесинде, эфирлердин гидролиз жүрүп тең салмактуулук баштапкы заттарды коздой жылат да эфирлердин чыгуу прдуктысы азаят.

Эфирлердин чыгуусунун жогорулашы газ абалындагы бромдуу суутекти колдонгондо, биздин көз караш боюнча HBr спирт чөйрөсүндө эрүүсү HCI салыштырганда жогору болгондугу менен түшүндүрүлөт

**Монокарбон жана күкүрт кармаган аминокислотанын эфирлерин хлордуу тионилдин катышуусунда алуу**

Сунушталган кийинки методдо муздатылган (-5°-10°C) спирт жана хлордуу тионилдин аралашмасын тездик менен тынымсыз аралаштыруу менен аминокислотанын кристалдарынын көпчүлүк бөлүгү эригенче жүргүзүлөт.

Андан кийинки ыкманы бөлмө температурасында же ысылытуу жолу менен жүргүзсө болот. Алынган продуктынын чыгышы жана реакциянын жүрүшүнө кеткен убакыт схема 2, таблицада 3 көрсөтүлгөн.

Окшош жыйынтыкты башка кошулмаларды алууда да көрсөттү.




R= $CH_3$, $(CH_3)_2CHCH_2$; $HSCH_2$; $CH_3S(CH_2)_n$

$R^1 = C_3H_7 – C_5H_{11}$

Схема 2 - Аминокислоталардын эфирлерин хлордуу тионилдин катышуусунда синтездөө

Хлордуу тионилди колдонууда жогорудагы катализаторлорлор менен салыштырганда кошумча алынган продуктылар оной жок кылынат, бирок бул көпөгөн ыңгайсыздыкты алып келет - реакция тез жүргөндүктөн дайыма

муздатурууну талап кылгандыктан технологиялык жактан ыңгайсыздыкты алып келгендиктен керек эместиги аныктады.

Негизинен белгилеш керек, тионилхлорид аминокислота менен спирттердин реакциясында каталитикалык таасирин тийгизип, реакция тең салмакты продуктынын чыгышы жагын көздөй жылат, жыйынтыгында реакциянын жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.



Таблица 5 - L- метионин жана L- цистеиндин хлордуу тионилдин катышуусундагы эфирлеринин чыгышы жана реакциянын жүрүү убактысы

| № | R | $R^1$ | n | Реакциянынын температурасы $^0C$ | Убакты-сы, саат | Чыгышы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 22 | $CH_3S(CH_2)$ | $C_3H_7$ | 2 | 25 | 22,0 | 72 |
| 23 | $CH_3S(CH_2)$ | $C_3H_7$ - изо | 2 | 39 | 3,0 | 80 |
| 26 | $CH_3S(CH_2)$ | $C_5H_{11}$ | 2 | 25 | 23,0 | 70 |
| 27 | $CH_3S(CH_2)$ | $C_5H_{11}$ - изо | 2 | 56 | 4,0 | 78 |
| 31 | $HSCH_2$ | $C_3H_7$ | 1 | 25 | 21,5 | 73 |
| 32 | $HSCH_2$ | $C_3H_7$ - изо | 1 | 39 | 2,5 | 82 |
| 33 | $HSCH_2$ | $C_4H_9$ | 1 | 25 | 21,0 | 72 |
| 34 | $HSCH_2$ | $C_4H_9$ - изо | 1 | 54 | 3,0 | 78 |
| 35 | $HSCH_2$ | $C_5H_{11}$ | 1 | 25 | 22,0 | 76 |
| 36 | $HSCH_2$ | $C_5H_{11}$- изо | 1 | 56 | 3,5 | 80 |

**Переэтерификация жолу менен жогорку молекулалуу аминокислоталардын эфирлерин алуу**

Жогорку молекуладагы аминокислоталардын эфирлерин синтездөөдөгү кыйынчылыктарды эске алуу менен реакция женилирээк жүрүш үчүн аминокислоталардын төмөнкү молекуладагы гидрохлорид эфирлерине жогорку молекуладагы ($C_6H_{13}$ – $C_9H_{19}$) спирттерди хлордуу суутектин катышуусунда ысытуу менен переэтерификация жолу иштелип чыкты.

Бул жалпы белгилүү методко (табл.1). салыштырганда алынган продуктынын чыгышын жогорулатууга алып келет.

Переэтерификация реакциясынын жалпы схемасы 3 көрсөтүлгөн.



$R = CH_3$, $CH_3)_2CHCH_2$; $HOOC(CH_2)_n$; $HSCH_2$; $CH_3S(CH_2)_n$

$n = 1,2$

$R^1 = C_6H_{13} – C_9H_{19}$

Схема 3 - Аминокислоталардын эфирлерин переэтерификациялоо жолу менен синтездеп алуу

Таблица 6 - L-лейцин жана L-аланиндин жогорку ($C_6H_{13} – C_9H_{19}$) эфирлерин переэтерификация жолу менен алуусунун убактысы жана продутысынын  чыгуусу

| № | $R^1$ | R | Убактысы, саат. | Чыгышы, % | Кошулмалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | $C_6H_{13}$ | $(CH_3)_2CHCH_2$ | 2,36 | 86 | $C_{11}H_{23}NO_2$ |
| 8 | $C_7H_{15}$ | $(CH_3)_2CHCH_2$ | 2,44 | 85 | $C_{12}H_{25}NO_2$ |
| 9 | $C_8H_{17}$ | $(CH_3)_2CHCH_2$ | 2,50 | 84 | $C_{13}H_{27}NO_2$ |
| 10 | $C_9H_{19}$ | $(CH_3)_2CHCH_2$ | 3,20 | 82 | $C_{14}H_{29}NO_2$ |
| 17 | $C_6H_{13}$ | $CH_3$ | 2,20 | 88 | $C_9H_{20}NO_2$ |
| 18 | $C_7H_{15}$ | $CH_3$ | 2,30 | 87 | $C_{10}H_{22}NO_2$ |
| 19 | $C_8H_{17}$ | $CH_3$ | 2,46 | 86 | $C_{11}H_{24}NO_2$ |
| 20 | $C_9H_{19}$ | $CH_3$ | 2,58 | 83 | $C_{12}H_{26}NO_2$ |

L- аланиндин гептил спирти менен хлордуу суутектин катышуусундагы реакция 3 саат ысытуудан кийин аланиндин гептил эфиринин чыгышы 75% болду. Ал эми L- аланиндин гидрохлоридинин этил эфиринин гептил спирти менен болгон реакциясы 1,5 саатка созулуп продуктынын чыгышы 6-8% жогорулады (схема 3 , табл. 6,7).

Таблица 7 - Күкүрт кармаган L-аминокислоталардын эфирлеринин ($C_6H_{13}$ – $C_9H_{19}$)  переэтерификация реакциясындагы убактысы жана чыгуу продуктысы

| № | $R^1$ | $R$ | n | Реакциянын температурасы, $^0C$ | Убактысы, саат | Чыгышы, % | Кошулмалар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 28 | $C_6H_{13}$ | $CH_3$ | 2 | 155 | 2,30 | 86 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 29 | $C_7H_{15}$ | $CH_3$ | 2 | 176 | 2,6 | 84 | $C_{12}H_{25}NO_2S$ |
| 30 | $C_8H_{17}$ | $CH_3$ | 2 | 195 | 2,7 | 81 | $C_{13}H_{27}NO_2S$ |
| 31 | $C_9H_{19}$ | $CH_3$ | 2 | 215 | 2,5 | 78 | $C_{14}H_{29}NO_2S$ |
| 38 | $C_6H_{13}$ | H | 1 | 155 | 2,0 | 87 | $C_9H_{19}NO_2S$ |
| 39 | $C_7H_{15}$ | H | 1 | 176 | 2,5 | 85 | $C_{10}H_{21}NO_2S$ |
| 40 | $C_8H_{17}$ | H | 1 | 195 | 2,8 | 83 | $C_{11}H_{23}NO_2S$ |
| 41 | $C_9H_{19}$ | H | 1 | 215 | 3,0 | 80 | $C_{12}H_{25}NO_2S$ |

Переэтерификация реакциясынын механизми жогорку молекуладагы спирттер ($C_6H_{13}$ – $C_9H_{19}$) карбоксил группасына кошулуп ортолук аралыкты пайда кылып женил кетүүчү группаны кошуунун негизинде ($C_2H_{5-}$) хлордуу суутектин катышуусунда пайда болот.

Жогорудагы көрсөтүлгөн реакцияны изилдөөдөн төмөнкү молекуладагы хлоргидрат аминокислотанын эфирлерин жогорку молекуладагы спирттер ($C_6H_{13}$ – $C_9H_{19}$) менен переэтерификацииялоо менен синтездөөнүн убактысы кыскарып, продуктынын чыгышы жогорулайт деген жыйынтык чыгарууга болот.

Аминокислотанын ордуна алардын төмөнкү молекуладагы хлоргидрат эфирлерин жогорку молекуладагы спирттер менен алмаштырууда, спирттер аз керектелип синтездөөнүн убактысы кыскарып, продуктынын чыгышы жогорулады ( 70-85%).

**Аминокислоталардын эфирлеринин ИК – спектрдеги жутулуусу**

Аминокислоталарынын эфирлеринин (пропилден – нонилге чейин) ИК спектринин жутулуусу түзүлүшүнө көз каранды, бирок алынган аминокислоталардын ИК спектринин жутулуусу кескин айырмаланат. Алынган аминокислоталарынын туундуларында татаал эфирлердин катышуусуна туура келе турган валенттик жана деформациялык байланыштардын жутулуусу CH- байланыштардын метил- жана метилен группаларынын 2970 -2988 $см^{-1}$ жана 1445-1300 $см^{-1}$ андан башка C-O- күчөтүлгөн жутулуусу эки областа биринчиси C-O- кабонил группасына 1200

– 1275 (күчөтүлгөн) жана экинчиси- 1000 - 1040 $см^{-1}$ (начар) C-O спирттик радикалга тиешелүү. Алифатикалык радикалда $CH_2$- группасынын санынын өсүшү менен 1040 $см^{-1}$ жутулуусу 3-8 $см^{-1}$ жогорку жыштыкты көздөй жылат. Спиртик радикалдын нормалдуу түзүлүшүнүн жутулуусунун жыштыгынын көрсөткүчү бутактанган түзүлүштөгү спиртердин жутулуусунун жыштыгынын көрсөткүчү бир аз гана айрымаланат.

ИК- спектрде лейцин жана аланиндин татаал эфирлеринин түзүлүшүн изилдөөдө 1735-1750 $см^{-1}$ валенттик жутулуу C=O группасына мүнөздүү, гидрохлориддерде - $NH_3^+$ жутулуусу 2900-3100 $см^{-1}$ (кенен тилке) жана CO- эки областа биринчиси CO- кабонил группасына 1000 - 1050 $см^{-1}$(начар) жана экинчиси 1200 - 1275 $см^{1}$ спиртик радикалдагы (күчөтүлгөн )жутулууларды көрсөтөт. $NH_2$ группасынын эркин түрдө валенттик жыштыгынын жутулуусу эркин түрдө 3400 $см^{-1}$көрсөтөт.


$10^2$ $см^{-1}$

Сурөт 2. - Изопропиллейцининаттын ИК- спектри.

ИК- спектрдеги цистеиндеги HS – тиогруппасынын жутулуу областы 2590-2680 $см^{-1}$(начар) көрсөттү. Изилденүүчү цистеин эфирлериндеги 1735-1740 $см^{-1}$ областындагы валенттик жутулуу **C=O** группасына, ал эми гидрохлориддеринде 3030 $см^{-1}$ кенен тилкенин жутулуусу $NH_3^+$ гидрохлоридтерге мүнөздүү болуп, алгачкы алынган кислотадан айрымаланат.

Изилденуучу метиониндин эфирлеринин жутулуу областы бири-бирине окшош мүнөздө болуп алынган кислоталардан кескин айрымаланат..

Изилденуучу метиониндин эфирлеринин 1735–1750 $см^{–1}$ аралыктарындагы νC=O группасынын күчөтүлгөн жутулуусу татаал эфирлерге мүнөздүү.

Бардык алынган цистеин жана метиониндин эфирлеринин 1735–1750 $см^{–1}$ (күчөтүлгөн) областында жутулуу νC = O группасына мүнөздүү, 2900–3030 $см^{-1}$ (кенен) - $NH_3^+$ группасына, 3400 $см^{-1}$ жутулуу $NH_2$ группасына мүнөздүү. ИК- спектрдеги цистеин жана метиондеги эфирлериндеги - S – тио группасынын жутулуу областы 2590-2680 $см^{-1}$ өзгөрбөгөнүн көрсөттү




Сүрөт 3.- Октилцистеинаттын ИК- спектри .

## Аминокислоталардын эфирлеринин биологиялык касиеттери

Изилденүүчү препараттардын бактерициддик активдүүлүгүн пробиркаларда эттин сорпосуна микроорганизмдердин тазасын өстүрөбүз.

Физиологиялык эритмелерде препарат менен суунун катышы төмөндөгүдөй даярдалды: 1: 10 – 1: 640 (табл. 8,9,10).

Изопропилаланинат препарат менен суунун катышы 1/80 болгондо жогорудагы бардык изилденүүчү микроорганизмдерден стфилококк жана грибоктун түрү Candida бактерицидтик, ал эми 1/10-1/40- бактериостатикалык таасирин тийгизип өсүүсүн токтотот (Candida башкасы).

Препараттын антимикробдук активдүүлүгү E. Coli1 1/10-1/40 жана микроорганизмдер себепкер болгон ооруунун түрү Candida 1/10-1/40 эритмелерде бактериостатикалык таасирин тийгизет (стафилококк жана кандидадан башкасы).

Препараттын антимикробдук активдүүлүгү таасири өзөчө E. Coli 0111 жана Shigella Sonnei карата ачык байкалат. Препарат амилаланинат 1/10 - 1/160 эритмелеринде сальмонелл, шигелл ичеги-карын таякчаларынын, ал эми кандид- 1/10 - 1/20 кийин өсүүлөрүн токтотот. Ал эми стафилококктор антимикробдук активдүүлүгүн көрсөтпөйт. Амилаланинат бактерициддик жана бактериостатикалык касиетин синегнойлук таякчага карата активдүүлүгү өтө суюлтулган эритмелерде да жогору экендиги байкалды. (табл. 8).

Таблица 8 - Изопропилаланинат жана амилаланинаттын минималдуу бактерицидтик концентрациясы

| Штаммы микроорганизмов | Кошулмалар | |
|---|---|---|
| | Изопропилаланинат(12) | Амилаланинат(15) |
| Salmonella typhi abdom | 1/20 | 1/80 |
| Salmonella typhi murium | 1/20 | 1/80 |
| E Coli 0111 | 1/80 | 1/160 |
| E Coli 0124 | 1/40 | 1/80 |
| Shigella Sonnei | 1/40 | 1/80 |
| Shigella Flexneri | 1/40 | 1/80 |
| Staphy lococcus | _ | _ |
| Pseudomonas aeroginesa | 1/20 | 1/80 |
| Candidaa albicans | 1/20 | 1/20 |

Изопропилметионинат 1/10-1/160 эритмесинде Флекснер, протеи вульгарис, клебсиелла жана цитробактериядан башкасы, бардык изилденүүчү микроорганизмдерде физиологиялык активдүү препарат болуп саналат (табл. 9).

Препараттын бактерицидик активдүүлүгүн изилдөөдөгү таасирин 1 : 10 - 1: 80 чейинки эритмелерде жүргүзүлдү. Препарат 1 / 40 чейинки эритмесинде S.t.abdom, S.t.murium, дизентерия Shigella Sonnei, Shigella Newcastla, коли-инфекциилар: E.Coli 0111, E.Coli 0124, Staphylococcus бактерияларынын өсүшүнүн зонасын көрсөтөт. Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй препарат изопропилметионинат 1:10 – сальмонелл, шигелл, коли-инфекции, протея и стафилококктун, ал эми 1:20 – шигелл Ньюкастла жана стафилококктордун кийинки эритмелеринде өсүштөрүн токтотот.

Алынган маалыматтын негизинде препарат изопропилметионинаттын бактерициддик касиетин изилдөөдө 1/10 - 1/40 эритмесинде 1/10 бактерицидтик жана 1/20 бактеристатикалык активдүүлүгүн көрсөтөт. Препараттагы мындай таасирди сальмонелл, шигелл, коли-инфекциясы, протеи (Proteus Vulgaristен башкасы) ачык көрсөттү.

Изопропилметионинат физиологиялык активдүү препарат болуп саналат.

Таблица 9 - L-метиониндин эфирлеринин минималдуу бактерицидтик концентрациясы

| Микроорганизм-дердин штамм-дары | Кошулмалар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Изопропилме-тионинат(23) | Бутилме-тионинат (24) | Амилме-тионинат (26) | Гексилметио-нинат(28) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Salmonella typhi abdom | 1/40 | 1/40 | 1/80 | 1/160 |
| Salmonella typhi murium | 1/40 | 1/40 | 1/80 | 1/320 |
| Shigella Sonnei | 1/20 | 1/40 | 1/40 | 1/160 |
| Shigella Newcastla | 1/40 | 1/80 | 1/160 | 1/160 |
| E. Coli 0111 | 1/20 | 1/40 | 1/80 | 1/80 |
| E. Coli 0124 | 1/40 | 1/80 | 1/160 | 1/160 |
| Proteus mirabilis | 1/40 | 1/20 | 1/80 | 1/80 |
| Proteus vulgaris | _ | _ | _ | 1/40 |
| Staphy lococcus | 1/40 | 1/80 | 1/80 | 1/160 |
| Candida albicans | 1/20 | 1/40 | 1/80 | 1/160 |

Препарат бутилметионинат сальмонелл, шигелл, ичеги таякчасы, стафилококктор и грибоктордун түрү Candidaнын жана дагы E. Coli, Proteus mirabilis 1/10 - 1/80 кийинки эритмелеринде өсүштөрүн токтотору аныкталды. Ал эми препарат Proteus Vulgaris карата антимикробдук таасирин көрсөтпөйт.

Амилметионинат 1/10 1/20, 1/80, 1/160 эритмесинде бактерицидтик касиетин жана 1/10 до 1/80 эритмесинде бактериостатикалык таасирин көрсөттү.

Ушундай эле препараттын бактерициддик таасирин айрыкча сальмонелл, шигелл, коли-инфекциясы, протеи (Pr.vulgaris башкасы) стафилококк, кандидага карата ачык байкалды.

Гексилметионинат 1/10- 1/320 эритмесинде сальмонелл, шигелл, ичеги таякчасында, стафилококк, Proteus mirabrabis жана грибоктун түрү Candidaнын 1/10- 1/320 кийинки эритмелеринде өсүштөрүн токтотот.

Препаратта мындай таасирди айрыкча сальмонелл, шигелл, коли-инфекциясы, протеи (Pr.vulgaristен башкасы) стафилококк, кандидага карата өзгөчө байкалды.

Бутилцистеинат препаратынын 1/10 - 1/40 суюлтулган нэритмелеринде изилдөө жүргүзүлдү. (табл.10).

Таблица 10 - L- цистеиндин эфирлеринин бактерицидтик минималдуу концентрациясы

| Изилденүүчү микроорганизмдин культурасы | Кошулмалар | | |
|---|---|---|---|
| | Бутил-цистеинат(34) | Амилцис-теинат(36) | Октилцис-теинат(40) |
| Salmonella typhi abdom | 1/40 | 1/40 | 1/80 |
| Salmonella typhi murium | 1/40 | 1/80 | 1/80 |
| Paratyphi B | не дейст. | 1/80 | 1/80 |
| Shigella Sonnei | 1/20 | 1/80 | 1/80 |
| Shigella Newcastla | 1/40 | 1/80 | 1/80 |
| Shigella  Flexneri | 1/40 | 1/40 | |
| Proteus mirabilis | _ | _ | _ |
| Proteus vulgaris | _ | _ | _ |
| Staphylococcus spp | 1/40 | _ | _ |
| Klebsiella pneumonie | 1/20 | _ | _ |
| E Coli 0111 | _ | 1/80 | 1/160 |
| E Coli 0124 | _ | 1/80 | 1/80 |
| Pseudomonos aeroginoza | _ | 1/80 | 1/80 |
| Citrobacter | _ | 1/80 | - |
| Candida albicans | _ | | 1/40 |

Алынган маалыматтардын негизинде бутилцистеинат1/10 - 1/80 чейинки эритмелеринде бактерицидтик. антимикробдук активдүүлүгүн көрсөтү(Proteus, E Coli, Pseudomonos aeroginoza, Citrobact, Candida albicans башкасы).

